**БЕКИТЕМ**
Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ректору, техника илимдеринин доктору, профессор **К. Ж. Усенов**

________________________________

«__9__» __ноябрь__________ 2023-ж.

Бекмуратова Рахат Топчубаевнанын «Колледждерде кыргыз адабияты сабагында студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн методикасы» деген темада 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациялык ишине жетектөөчү мекеменин

**Р А С М И Й   П И К И Р И**

**Илимий жетекчи** – филология илимдеринин кандидаты, педагогика илимдеринин доктору, доцент Үкүева Бушарипа Кожояровна.

Иш Ош мамлекеттик университетинин филологиялык билим берүү кафедрасында аткарылган.

**1.Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Мезгил талабына ылайык бардык мамлекеттерде орто, орто кесиптик, ЖОЖдордо билим берүү жаңы стандартка өткөрүлүп, анын натыйжасында келечектеги кесип ээлерине кесиптик билим жана тарбия берүүнүн мазмуну жаңыча нукка өтүп, окуучуларды, студенттерди компетенттүүлүккө негиздеп окутууга басым жасалды. Өлкөбүздөгү жалпы билим берүүчү орто мектептердин башталгыч класстарынан тартып жогорку класстын окуучуларына, орто кесиптик окуу жайларынын, жогорку окуу жайларынын студенттерине чейин билим алуучулар ээ болуучу компетенциялар аныкталып, билим берүү стандарттарында камтылды. Анткени, компетенттүүлүккө негиздеп окутуу коомдук ар кандай кырдаалдарга ылайык заманбап түшүнүктөрдүн пайда болушуна, адамзаттык баалуулуктардын өзгөрүп, улам жаңы мазмунга ээ болуусуна байланыштуу заман талабына ылайык ишмердүүлүккө негиздеп окутуу болуп саналат.

Студенттердин адабий чыгармаларга карата болгон кызыгуусун калыптандыруу жана өнүктүрүү маселеси, көркөм чыгарманы окуй билүү деңгээли жөнүндөгү маселе, окурмандык компетенттүүлүктү жана көркөм

адабиятка болгон окурмандык кызыгуунун деңгээли жөнүндөгү маселелер буга чейин эле изилденип келген, андыктан, китеп окуу эзелтен эле ар бир адам баласы үчүн, өзгөчө, окурман-студент үчүн ар дайым эң маанилүү маселелерден болуп саналат.

Буга ылайык окумуштуулардын эмгектеринде үйрөнүүчүлөрдүн чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, билим сапатын арттыруу, тарбия берүү маселелери изилденгени менен, сынчыл ойлоону өнүктүрүүчү интерактивдүү усулдарды чеберчилик менен пайдалануу аркылуу алардын окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуу көйгөйү илимий иликтөөнүн объектисине алынбагандыктан, бул маселе атайын изилдөөнү талап кылууда. Орто кесиптик окуу жайларында кыргыз адабияты сабагын окутууда студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн интерактивдүү усулдардын жардамы менен жогорулатуу маселеси бүгүнкү билим берүүнү глобалдаштыруудагы заманбап талап катары илимий иштин **актуалдуулугун** жараткандыгында.

**2. Изилдөөнүн натыйжаларынын негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүк даражасы, изденүүчүнүн диссертациясында жазылган тыянактары жана корутундулары.** Ишти жүргүзүүдө алдын ала аныкталып белгиленген методологиялык негиздердин алкагында предметтин, милдеттердин адекваттуу колдорун комплекстүү изилдөө методдоруна таянып проблеманы теориялык өңүттөн үйрөнүүгө, анализдөө жана синтездөө жолу менен жүргүзүлгөндүгүндө.

**3. Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу.** Изилдөөдөн алынган натыйжалар жана сунуш кылынган жоболор орто кесиптик окуу жайларынын кыргыз адабияты предметинин окутуучуларына студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө окутуунун мазмунун, сабактын максатын так аныктоого, окутууну уюштуруу формаларын жана методдорун, каражаттарын (технологияларын) туура тандап, сабактын практикалык баалуулугун өнүктүрүүгө көмөк көрсөткөндүгүндө; кыргыз адабияты сабагында окурмандык компетенттүүлүктү өркүндөтүү боюнча сунуш кылынган сабактын үлгүлөрү, усулдары студенттердин өз алдынча сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө, жалпы эле окурмандык кызыгууларынын жогорулашын шарттагандыгында; колледждерде кыргыз адабиятын окутуу иштерин жакшыртууга, өркүндөтүүгө, билим, билгичтик, көндүмдөрүн калыптандырууга өбөлгө түзгөндүгүндө; изилдөөнүн материалдарын кыргыз адабияты мугалимдери, окутуучулар жана илим изилдөөчүлөр үчүн методикалык колдонмо катары пайдаланылгандыгында.

**4. Изденүүчүнүн жеке салымы**. Колледждерде "Кыргыз адабияты" предметин окурмандык компетенттүүлүккө негиздеп окутуу методикасынын абалы аныкталып, анын натыйжалуулугун арттыруу боюнча тажрыйбалык

топтордо тиешелүү сабактардын өтүлгөндүгүндө; колледждердин студенттерин окурмандык компетенттүүлүктүн негизинде окутуунун моделин, кыргыз адабияты боюнча сабактардын иштелмелерин, окутуунун практикасына сунушталып, окутуунун салттуу жана инновациялык ыкмаларын киргизүү боюнча методикалык система иштелип чыгылгандыгында.

**5. Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын ишенимдүүлүгү жана жыйынтыктарынын негиздүүлүгү**. Ишти аткаруу алдынан белгиленген методологиялык таянычтарга негизделип, предметтин, милдеттердин адекваттуу жолдорун комплекстүү изилдөө методдоруна таянып, проблеманы теориялык жактан үйрөнүп, талдоо жана топтоо жолу менен максатка жеткендигинде.

**6. Изилдөөдө төмөнкүдөй жаңы натыйжалар алынган:**

**Биринчи натыйжа.** Орто кесиптик окуу жайларында кыргыз адабиятын окурмандык компетенттүүлүккө негиздеп өздөштүрүүнүн педагогикалык, дидактикалык, адабий-теориялык жана илимий-методикалык негиздери аныкталган, тактап айтканда, изилдөөнүн илимий-методикалык проблемаларын анализдөө менен кыргыз адабиятын колледждерде окутууда окутуунун заманбап ыкмаларын пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү изилдөөгө алынган. Аталган маселени чечүүдө анын илимий-методикалык негиздери аныкталып такталган. Илимий-методикалык негиздеринде бул маселени изилдөөгө алганга чейинки ата мекендик жана чет элдик окурмандык компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө байланыштуу жарык көргөн булактарга талдоо жүргүзүлгөн.

Колледждерде кыргыз адабиятын окутуп-үйрөтүүдө окутуунун заманбап ыкмаларын колдонуу аркылуу студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатуунун принциптери, методдору, сабактын максаты, мазмунуна ылайык тандала тургандыгын аныкталган жана такталган.

**Экинчи натыйжа.** Колледждерде студенттер ээ болуучу негизги компетенттүүлүктөр, алардын ичинен окурмандык компетенттүүлүк, аны калыптандыруу, учурдагы абалы тууралуу изилдөө жүргүзүлгөн. Орто кесиптик окуу жайларында кыргыз адабиятын окуган студент адабий-чыгармачылык, окурмандык, баалуулук-дүйнө таанымдык компетенттүүлүккө ээ болушат, жогорудагы компетенттүүлүккө ээ болуу менен студенттер көркөм чыгармалардын сюжетин, маани-маңызын талдай билүүгө, чыгармалардагы өтмө маанидеги көркөм сөз каражаттарынын маанисин түшүнө билүүгө жетишишкен. Аны менен бирге түрдүү элдердин адабий чыгармалары менен салыштырылып, башка адамдардын ар кандай көз караштарына (диний, этникалык, кесиптик, инсандык) сый мамиленин негизинде өз көз карашын маданияттуу далилдөөгө ээ болору кеңири мисалдар менен ачылган жана натыйжада эксперимент жүзүндө студенттердин окурмандык компетенттүүлүктөрү сыноодо далилденген.

**Үчүнчү натыйжа.** Колледждердин студенттерин окурмандык компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун натыйжалуу формалары, каражаттары, методдору аныкталган жана сабактардын формалары менен типтери боюнча методикалык иштелмелер иштелип чыгылган, алар сыноодо алгылыктуу экендиги аныкталып практикага сунуш кылынган. Тактап айтканда, кыргыз адабиятын окурмандык компетенттүүлүккө негиздеп окутууда, студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууда, коомдук-тарбиялык иштерде, конкурстарда, акыл-таймаштарда, студенттик илимий-практикалык конференцияларда ж.б.у.с. студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча илимий-методикалык иш-чаралар системалуу жүргөн.

**Төртүнчү натыйжа**. Изилдөөгө коюлган бардык материалдар, суроо-жооптор, тесттик тапшырмалар, кыргыз адабияты боюнча дидактикалык материалдар эксперименттик сыноого коюлган жана натыйжалуу жыйынтыктар алынган. Колледждин студенттерине кыргыз адабияты сабагында окутуунун жаңы технологияларын колдонуу аркылуу окурмандык компетенттүүлүктү өнүктүрүүнүн жолдору, ошону менен бирге заман талабына ылайык көз караштагы кесипкөй адистерди даярдоонун абалы, шарттары, каражаттары анализденген жана аталган маселелер атайын иш тажрыйбадан өткөрүлгөн.

**7. Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана корутундулардын негизденүү даражасы.**

7.1. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн арттыруу максатында олуттуу теориялык жоболорго таянуу менен 200гө жакын адабий булактар окуп үйрөнүлгөн жана талдоо жасалган. Талдоо аныктоочу жана калыптандыруучу педагогикалык эксперименттерди жүргүзүү, алынган материалдарды математикалык-статистикалык ыкма менен мүнөздөө, жалпылоочу тесттик ыкмаларын колдонуу менен бекемделген.

7.2. Иштин жетиштүү деңгээлде теориялык мааниси бар, анткени орто кесиптик окуу жайларында кыргыз адабиятын окурмандык компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууга салым кошот.

7.3. Квалификациялык белгилерге туура келиши. Диссертациядагы материалдар «Кыргыз адабиятын» окурмандык компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууга жана орто кесиптик окуу жайларынын студенттерининин адеп-ахлактык, коомдук-тарбиялык ишмердүүлүгүн калыптандырууга багытталган алынган натыйжалар жетиштүү илимий жаңылыкка жана баалуулука ээ.

**8. Диссертациялык изилдөөдөн алынган илимий жыйынтыктардын, корутундулардын жана тыянактардын жаңычылык даражасы**

- орто кесиптик окуу жайларынын кыргыз адабиятын окурмандык компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методологиялык негиздеринин диссертациялык изилдөөнүн алкагында иштелгендигинде;

- колледждин 1-курстарынын кыргыз адабияты сабагын окутуунун жалпы педагогикалык, дидактикалык, адабий-теориялык жана методикалык принциптеринин адабиятты окутуунун азыркы талаптарына ылайык окурмандык компетенттүүлүктүн негизинде алгачкы жолу иштелип чыгылгандыгында;

- колледждерде кыргыз адабиятын окурмандык компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун теориядагы жана практикадагы абалы талдоого алынып, анын натыйжалуулугун өркүндөтүүнүн теориялык жана методикалык маселелери такталып, аталган предметти өздөштүрүүнү өркүндөтүүнүн негизги багыттары аныкталгандыгында;

- колледждердин 1-курсунда кыргыз адабияты предметин окурмандык компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары диссертациялык изилдөө абалында алгачкы жолу жүргүзүлүп жаткандыгында.

**9. Алынган жыйынтыктардын ички биримдигин баалоо.**

Диссертант коюлган максат, милдеттерди чечүүдө кесиптик жана илимий теориялык, методологиялык жактан даярдыгынын жеткилең экендигин көрсөтө алган. Изилдөөнүн максаты менен натыйжаларынын ортосунда тыгыз ички логикалык биримдик камсыз кылынган. Изилдөөнүн милдеттери, коргоого коюлган жоболор, корутундулар толугу менен анын мазмунуна дал келет.

Р. Т. Бекмуратованын «Колледждерде кыргыз адабияты сабагында студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн методикасы» деген темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинде көрсөтүлгөн натыйжалар педагогика илимине, анын ичинде окутуунун жана тарбиялоонун теориясы боюнча илимий билимдердин өнүгүшүнө олуттуу салым кошот деп эсептөөгө болот. Алынган натыйжалар ички биримдикке жана логикалык ырaатуулукка ээ. Практикалык сунуштар текшерилген теориялык жоболорго негизделген. Диссертация Кыргызстанда бул проблемага арналган жаңы изилдөөлөрдүн катарына кирет.

**10. Негизги жоболордун, корутундулардын жана натыйжалардын публикацияларда толук чагылдырылышы.**

Диссертациялык иштин натыйжалары боюнча изденүүчүнүн 10 макаласы, алардын ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясы тарабынан сунушталган журналдарда жарыяланган 5 макаласы, Россия Федерациясынын илимий журналдарында жарыяланган жана РИНЦ системасында катталган 3 макаласы, Web of science журналында 2 макаласы жарык көргөн.

**11. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Бекмуратова Рахат Топчубаевнанын «Колледждерде кыргыз адабияты сабагында студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн методикасы» деген темада 13.00.02 окутуунун жана тарбиялоонун теориясы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине бардык компоненттери боюнча авторефераттын мазмунуна дал келет. Авторефераттын орус жана англис тилиндеги резюмеси кыргызча резюмесинин мазмуну менен иденттүү талапка ылайык аткарылган. Диссертациялык иш жана автореферат Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын көрсөтмөлөрүнө ылайык даярдалган.

**12. Диссертациянын мазмунунда байкалган айрым мүчүлүштүктөр:**

12.1. Кыргыз адабияты предмети орто кесиптик окуу жайларынын 1-курсунда өздөштүрүлүп жаткан соң диссертацияда практикалык сабактардын үлгүлөрү сунуш кылынган, аларды кеңейтүү, реферат, баяндама жазуу үчүн тапшырмаларды сунуш кылуу зарылдыгы бар;

12.2. Колледждердин 1-курстарын кыргыз адабияты предметинен окурмандык компетенттүүлүккө негиздеп окутууга тиешелүү окутуунун технологиялары боюнча окуу-методикалык колдонмо чыгаруу колго алынса;

12.3. Иште айрым компьютердик техникалык каталар кездешет.

Бирок белгиленген мындай мүчүлүштүктөр принципиалдуу мүнөзгө ээ эмес, алар изилдөөнүн жалпы деңгээлине таасир этпейт.

Жогоруда биз көрсөткөн кемчилдиктер изденүүчүнүн жалпы эмгегинин баасын төмөндөтпөйт, аларды четтетүүгө мүмкүн деп эсептейбиз.

**13. Диссертациянын КРнын УАКтын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү» Жобосунун 10-пунктунун талаптарына ылайыктуулугу.**

Бекмуратова Рахат Топчубаевнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган жана педагогика илими үчүн олуттуу мааниси бар изилдөө катары кароого болот.

Бекмуратова Рахат Топчубаевнанын «Колледждерде кыргыз адабияты сабагында студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн методикасы» деген темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиянын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө» жобонун № 10 пунктуна ылайык коюлган талаптарына толук жооп берет. Ал эми изденүүчү Р. Т. Бекмуратова

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот.

Бекмуратова Рахат Топчубаевнанын «Колледждерде кыргыз адабияты сабагында студенттердин окурмандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн методикасы» деген темадагы диссертациясына пикир Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедраларынын кенейтилген жыйынынын 2023-жылдын 9-ноябрындагы отурумунда (протокол №7) каралды.

**Катышкандар:**

1. Сакиева С. С. – педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);
2. Уметов Т.Э. . – педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.01);
3. Калчакеев К.Б.- филология илимдеринин доктору,профессор (10.01.09)
4. Бакирова Г. К. - филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.02.01)
5. Жолдошбаева Р. К. – педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.08);
6. Нусупова Р. С. – педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.08);
7. Ураимов К. М. – педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02);
8. Найманбаев М. Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
9. Рыскулова Г. У.– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
10. Тажибаева Ж. К. – педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02);
11. Ураимхалилова – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
12. Ажыкулов С. М. – педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.01);
13. Матазимова Г. Э. – педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02);

Отурумдун төрайымы, педагогика илимдеринин доктору, профессор: С. С. Сакиева

КАНЦЕЛЯРИЯ

Педагогика илимдеринин доктору, профессор С.С.Сакиеванын колун тастыктайм.
Б. Осмонов атындагы ЖАМУнун окум.катчысы: Ырысбай кызы Салима

Дата поступления
отзыва в ДС Д 13.23.673
13. 11. 2023 г

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ №62 13.11.23.